САРУУ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН
ШАЙЛОО КҮНҮ
8-ОКТЯБРЬ 2023

# Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүүнүн тартиби

Сентябрь-2023ж.

# Шайлоо өнөктүгүн каржылоо маселелерин укуктук жөнгө салуу

КР жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүүнүн, акча каражаттарынын түшүүнүн жана чыгымдалышынын эсебин жүргүзүүнүн тартиби **төмөндөгүлөр менен жөнгө салынат**:

1. «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 14-июлундагы № 98 мыйзамы (2019-жылдын 8-августундагы № 117 редакциясында);

2. «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкерлдердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорун түзүүнүн, акча каражаттарынын түшүүнүн жана чыгымдалышынын эсебин жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» жобо.

## Шайлоо фонддорун түзүү жана анын булактары

**Талапкерлер өзүн өзү көрсөткөн учурдан тартып, саясий партиялар талапкерлерди/талапкерлердин тизмесин көрсөткөн учурдан тартып өздөрүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн шайлоо фонддорун түзүүгө милдеттүү.**

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

## Шайлоо фонддорун түзүшөт:

| | |
|---|---|
| **Айылдык кенешке:** | **Жарандар (өздөрү же ыйгарым укуктуу өкүл аркылуу) өзүн өзү көрсөткөн учурдан тартып,** <br> **АШКга каттоо үчүн документтерин бергенге чейин** |
| | **Талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар (ыйгарым укуктуу өкүл аркылуу)** <br> **талапкерди көрсөткөн учурдан тартып, АШКга каттоо үчүн документтерин бергенге чейин** |

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары



1. Өзүнүн шайлоо **фонддорун түзүүгө төмөндөгүлөр укуксуз:** айылдык кеңешке **саясий партиялар көрсөткөн талапкерлер**.

2. Талапкерлердин, саясий партиялардын өздөрүнүн **шайлоо фонддорун түзбөөсү** талапкерди **каттоодон баш тартууга негиз болуп саналат.**

3. Бардык акча каражаттары шайлоо фондунун эсебине банк мекемесинин атайын эсебине* улуттук валютада которулат. Бул эсептер боюнча үстөк пайыздар чегерилбейт.

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

4. Жарандар – **айылдык кеңешке өзүн өзү көрсөткөндөр**,

- Айылдык кеңешке талапкерлерди көрсөтүшкөн саясий партиялар, **өзүнүн шайлоо фондун түзүү үчүн бир гана атайын эсеп ачууга укуктуу**.

Бул эсеп **тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын уруксаты менен** талапкер, саясий партиялар тарабынан ачылат.

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө талапкерлердин, саясий партиялардын атайын эсептерин ачуу, жүргүзүү, талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун каражаттары боюнча эсеп жүргүзүү жана отчеттулук үчүн банк мекемелеринин тизмеси КР БШК тарабынан банк мекемелери менен макулдашуу боюнча белгиленет.*

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары

**Айылдык кенешке талапкерлердин, саясий партиялар көрсөтүшкөн талапкерлердин шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:**

| | |
|---|---|
| **Талапкердин өз каражаттары** | **50 000 сомдон ашпоого тийиш** |
| **Саясий партиянын өз каражаттары** | **100 000 сомдон ашпоого тийиш** |
| **Жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары** | **50 000 сомдон ашпоого тийиш** |
| **Юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары** | **50 000 сомдон ашпоого тийиш** |

*Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун атайын эсебине жеке каражаттарын акысыз накталай төгүү/чегерүү **ыктыярдуу кайрымдуулуктары** катары таанылат.

# Шайлоо фонддорун түзүү жана каржылоо булактары




Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен айылдык кеңешке талапкердин (анын ичинде саясий партиядан көрсөтүлгөн талапкер) **чыгымдарынын** жогорку чектик өлчөмү **500 000 сомдон ашпоосу** тийиш.

# Шайлоо фондуна төмөнкү ыктыярдуу кайрымдуулук көрсөтүүгө жол берилбейт:



- **чет мамлекеттердин**, чет өлкөлүк мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана ишканалардын, башка чет өлкөлүк юридикалык жактардын, алардын бөлүмдөрүнүн жана өкүлчүлүктөрүнүн, катышуучусу чет өлкөлүк жарандар жана юридикалык жактар болуп саналган чет өлкөлүк жарандардын, эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасында катталган юридикалык жактарынын;
- **жарандыгы жок** адамдардын;
- **мамлекеттик** бийлик органдарынын жана **жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын**;
- **мамлекеттик** жана **муниципалдык** мекемелердин жана ишканалардын;
- **уставдык капиталында мамлекеттик же муниципалдык үлүшү бар**, ошондой эле салыктар, жыйымдар жана башка милдеттүү төлөмдөр боюнча жеңилдиктерден пайдаланган юридикалык жактардын;
- **аскер бөлүктөрүнүн**, аскердик мекемелердин жана уюмдардын;
- **укук коргоо** органдарынын, соттордун;
- **кайрымдуулук** менен алектенген уюмдардын;
- **диний** уюмдардын;
- ***атын атабай кайрымдуулук кылуучулардын.***

(Атын атабай кайрымдуулук кылуучу дегенде, төмөнкү жаран түшүнүлөт, эгерде ал төмөнкү маалыматтардын кайсынысын болбосун көрсөтпөй койсо: фамилиясын, атын, атасынын атын, жашаган жеринин дарегин, паспорттук маалыматтарын, ошондой эле ал тарабынан өзү жөнүндө анык эмес маалыматтар көрсөтүлсө).

# Талапкердин, саясий партия көрсөткөн талапкерлердин шайлоо фондуна акча каражаттарын чегерүүгө тыюу салынат:



**Шайлоо фондуна мамлекеттик бюджеттин же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдында карызы бар** юридикалык жактардын, юридикалык жак түзбөстөн ишкердикти жүзөгө ашыруучу жеке жактардын акча каражаттарын кошууларына тыюу салынат.

Көрсөтүлгөн юридикалык жана жеке жактар шайлоо фондуна акча каражаттарын которгон учурда талапкер, саясий партия жоопкерчилик тартпайт.

Эгерде талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна **жогоруда көрсөтүлгөн** жеке жана юридикалык жактар которгон **акча каражаттары келип түшкөн учурда**, соттун чечими боюнча банк же башка мекемелер, ал каражаттарды Борбордук шайлоо комиссиясына которууга **милдеттүү**.

# Шайлоо фондунун атайын эсебин ачуу тартиби

**1-кадам.** Шайлоо фондун түзүү үчүн талапкер, талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия атайын эсеп ачууга документтерди тариздөө тууралуу **№1 форма боюнча арыз менен** тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына кайрылат

**2-кадам.** Тиешелүү АШКдан атайын эсеп ачууга **жазуу жүзүндөгү № 2 форма боюнча уруксат алгандан кийин** айылдык кеңешке талапкерлер, жергиликтүү кеңешке талапкерлерди /талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия **шайлоо фондун түзүү үчүн атайын эсеп ачат**

**3-кадам.** Талапкер, саясий партия атайын эсеп ачылган күндөн тартып **үч күндүк мөөнөттө, № 3 форма боюнча** өзүнүн шайлоо фондунун атайын эсебинин маалым-дарегин аймактык шайлоо комиссиясына **жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү**

# Шайлоо фондунун атайын эсебин ачуу тартиби

**Банк мекемеси талап кылган документтер** жана тийиштүү шайлоо комиссиясы (АШК) берген төмөндөгү документтер берилгенден кийин ыйгарым укуктуу банк мекемеси тарабынан атайын эсепти ачуу жүргүзүлөт:

1) тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынан атайын эсеп ачууга жазуу жүзүндөгү **№ 2 форма боюнча** уруксат;

2) партиянын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүн каттоо жөнүндө аймактык шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсү (ал дайындалган учурда);

3) каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн каттоо күбөлүгүнүн көчүрмөсү (ал дайындалган учурда).

**Эсепти тейлөөнүн бардык шарттары банктык эсепти тейлөөгө келишимде чагылдырылыш керек.**

# Шайлоо фондунун атайын эсебин ачуу тартиби

**Талапкер, саясий партия тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясында жыйынтыктоочу каржылык отчет бергенден кийин Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча банк мекемеси тарабынан шайлоо фондунун атайын эсеби жабылат.**

# Акча каражаттарын шайлоо фонддоруна которуу

Тиешелүү шайлоо фондуна жеке адамдардан келип түшүүчү ыктыярдуу кайрымдуулуктары банк мекемеси тарабынан Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун көрсөтүү боюнча гана кабыл алынат.

***Аты аталбаган кайрымдуулуктан качуу максатында*** төлөм документтеринде кайрымдуулук берүүчүнүн фамилиясы, аты жана атасынын аты, туулган датасы, жашаган (катталган) жеринин дареги, паспорттун сериясы жана номуру көрсөтүлөт, алар банк кызматкери тарабынан паспорттун маалыматтары менен салыштырылат.

Акчаны накталай төгүү дүмүрчөктөрүндө кайрымдуулук берүүчүнүн толук маалыматтары "төлөмдүн арналышы" графасында көрсөтүлөт.

Акча каражаттарын алган банктан көрсөтүлгөн каражаттарды шайлоо фонду турган банкка которууда **төлөм тапшырмасында кайрымдуулук берүүчү жөнүндө маалыматтар толук көрсөтүлүшү керек.**

**Мында төлөм тапшырмасында, дүмүрчөктө милдеттүү түрдө төлөм жүгүртүүсүнүн мамлекеттик классификаторуна ылайык төлөм коду көрсөтүлөт.**

# Акча каражаттарын шайлоо фонддоруна которуу

**Шайлоо фондуна юридикалык жактардан келип түшүүчү ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөр банк мекемеси тарабынан, тийиштүү салык инспекциясынан жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бөлүмүнөн бюджет алдында карызы жоктугу тууралуу маалымкатты көрсөтүү боюнча гана кабыл алынат.**

*Юридикалык жактардын* төлөм документтериндеги "төлөмдүн арналышы" графасында төмөнкү маалыматтар камтылышы керек:

- **ГКПО (төлөм жүгүртүүнүн мамлекеттик классификатору) ылайык төлөм коду,**
- **салык төлөөчүнүн идентификациялык номери,**
- **юридикалык жактын толук аталышы,**
- **жайгашкан жеринин дареги.**

# Акча каражаттарын шайлоо фонддоруна которуу



Жеке жарандар жана юридикалык жактар **шайлоо фонддору аркылуу гана** финансылык колдоо көрсөтүүгө укуктуу!

# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр

Саясий партиянын шайлоо өнөктүгү менен байланышкан белгилүү жумуштарды аткаруу жөнүндө (кызмат көрсөтүү жөнүндө) жарандар жана юридикалык жактар менен келишимдер (макулдашуулар):

- талапкердин жеке өзү же болбосо анын ыйгарым укуктуу өкүлү, ал эми саясий партиялардын шайлоо өнөктүгү менен байланышкандар – саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү менен гана түзүлөт,
- добуш берүү күнүнүн алдыңкы күнүнөн кеч түзүлүшү мүмкүн эмес.
- КР жашы жеткен жарандары менен гана түзүлүшү мүмкүн,
- төлөмдөр талапкерлердин, саясий партиялардын атайын эсептеринен гана жүргүзүлөт,
- саясий партиялардын жана юридикалык жактардын ортосунда белгилүү жумуштарды (кызмат көрсөтүүнү) аткарганы үчүн эсептешүүлөр ***которуу жолу менен гана*** жүзөгө ашырылат
- бардык каржылык аткарымдар, анын ичинде жеке жана юридикалык жактар менен атайын эсептер боюнча эсептешүүлөр шайлоо күнүнүн алдыңкы күнү саат 18де токтотулат.

# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр

**Жарандар жана юридикалык жактар тарабынан аткарылуучу акысы төлөнүүчү жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр** **жазуу жүзүндө жол-жоболонушу керек** (келишим, эсеп-фактура, коштомо кагаздар, кабыл алуу-өткөрүү актысы)



**Келишимдерде мына булар камтылууга тийиш:**

- тараптардын маалым-даректери,
- тапшырылган жумуштун көлөмү тууралуу маалыматтар,
- анын наркы,
- жумуштардын түрлөрү боюнча бааларды (калькуляция, смета).
- төлөөнүн тартиби,
- жумуштарды аткаруу мөөнөттөрү,
- тараптардын жоопкерчиликтерин жана башка шарттар.

Жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн аткарылышы тапшырыкчы (финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл) жана аткаруучу тарабынан кол коюлган аларды кабыл алуу актылары же коё берилген продукцияларга коштоочу документтер менен ырасталыш керек.

# Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр

## Жарандар жана юридикалык жактар шайлоо алдындагы үгүт материалдарын өндүрүүгө, жайгаштырууга жана таратууга байланыштуу тапшырыктарды түзүүгө талаптар

**Бардык басылма жана үгүт материалдары төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:**

- үгүт материалдарын даярдаган уюмдун аталышы жана дареги (фамилиясы, аты, атасынын аты, дареги,  жашаган жери),
- үгүт материалдарын даярдоого тапшырык берген жактын фамилиясы, аты, атасынын аты (уюмдун, жеке ишкердин аталышы),
- нускасы жөнүндө маалымат,
- аны чыгаруу датасы жөнүндө маалымат,
- тийиштүү шайлоо фондунун каражаттарынан аны даярдоого акы төлөө тууралуу маалымат,
- ошондой эле талапкердин,  тапшырыкты төлөгөн саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясы, аты, атасынын аты.

**Аталган материалдар камтылбаган үгүт  материалдарын таркатууга  тыюу салынат!**

**Ошондой эле төмөндөгүлөргө**
**тыюу салынат:**



- **шайлоо фондунун каражаттарынан алдын ала төлөөсүз** эфирдик убакытты берүүгө жана басылма үгүт материалдарын даярдоого,
- Юридикалык жактардын, алардын филиалдарынын, өкүлчүлүктөрүнүн, ошондой эле жеке жактардын шайлоолор менен тике же кыйыр түрдө байланышкан жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү, товарларды сатууларды **акысыз аткарууга же негизсиз төмөндөтүлгөн баада аткарууга,**
- **шайлоо фонддорунан аттап өтүп (шайлоо фонддорунун атайын эсептерин пайдаланбай туруп)** жарандардын жана юридикалык жактардын талапкердин, талапкерлердин тизмесинин шайланышына көмөктөшкөн талапкердин, саясий партиянын ишине каржылык (материалдык) колдоо көрсөтүүгө.

# Шайлоо күрөөсү

**Талапкер, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөткөн саясий партия каттоого чейин жана берилген документтерди текшерүүдөн кийин өз шайлоо фонддорунун каражаттарынан *шайлоо күрөөсүн* Борбордук шайлоо комиссиясынын депозиттик эсебине киргизет, бул тууралуу тийиштүү банк документин алат.**

Шайлоо күрөөсү төмөндөгү өлчөмдө белгиленет:

Айылдык кеңештерге – **1000 сом**.

# Шайлоо күрөөсү

**Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерди каттоо үчүн:**
талапкер өзү же ыйгарым укуктуу өкүлү аркылуу (саясий партия финансы маселери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү аркылуу) **БШКнын депозиттик эсебине** (э/с с 4402012100000945, төлөм коду 14511900) **шайлоо күрөөсүн төккөндүгүн тастыктаган документти** (банктык төлөм тапшырыгын) ***добуш берүүгө чейин 30 календардык күндөн кеч эмес*** (2023-жылдын 7-сентябрына чейин (кошуп алганда)) ***тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына берет.***

## Шайлоо күрөөсү төмөнкүдөй учурларда кайра кайтарылып берилет:

Депутаттыкка талапкерлерге, депутаттыкка талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партияларга:

1) шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланган күндөн тартып 10 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү шайлоо комиссиясына өзүнүн фондун түзүүнүн булактарын, ошондой эле жүргүзүлгөн бардык сарптоолорунун өлчөмү жөнүндө отчетту берген шартта, добуш берүүгө катышкан **шайлоочулардын 15 пайыздан кем эмесинин добушун** алса;

2) эгерде тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоодон **баш тартуу жөнүндө чечим кабыл** алынса;

3) шайлоо бюллетендеринин тексти жана формасы бекитилгенге чейин шайлоого **андан ары катышуудан баш тартса**.

**Күрөөнүн калган суммасы бюджеттин эсебине чегерилүүгө жатат.**

# Шайлоо фонддорунун каражаттарын эсепке алынышы жана чыгымдалышы

Шайлоо фонддорунун каражаттарын тескөө укугу аларды түзүшкөн талапкерлерге, саясий партияларга таандык.
**Шайлоо фонддорунун каражаттары максатуу багытка** ээ, ошондуктан **шайлоо өнөктүгүн жүргүзүүгө байланышкан чыгымдарды гана жабууга пайданууга тийиш**, атап айтканда:
1) шайлоо алдындагы үгүткө багытталган уюштуруу-техникалык чараларды финансылык камсыз кылууга;
2) шайлоо күрөөсүн төлөөгө;
3) иштерди аткаргандыгы, кызмат көрсөткөндүгү үчүн төлөөгө, атап айтканда:
- маалыматтык жана консультативдик мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөргө;
- үгүт материалдарын чыгарууга жана жайылтууга;
- жайлардын, жабдуулардын ижарасына;
- транспорттук жана иш-сапардык чыгымдарды жабууга;
- байланыш кызматтарына;
- кеңсе товарларын, жабдууларды сатып алууга;
- жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяларды жарыялоого жана талапкердин чыгып сүйлөөсүнө;
- шайлоо алдындагы чогулуштарды өткөрүүгө, шайлоочулар менен жолугушууга.

# Шайлоо фондусунун каражаттарынын келип түшүүшүнүн жана чыгымдалышынын эсеби

**Талапкерлер, саясий партиялар шайлоо фонддорунун каражаттарынын булактары жана чыгымдалышынын каржылык операциялары тууралуу маалыматтарды чечмелөө менен өзүнүн шайлоо фондусунун атайын эсеби боюнча акча каражаттарынын келип түшүүшүнүн жана чыгымдалышынын эсебин жүргүзүүгө милдеттүү.**

# Шайлоо фондусунун каражаттарынын келип түшүшүнүн жана чыгымдалышынын эсеби

Өз кезегинде банк мекемелери Борбордук шайлоо комиссиясынын талабы боюнча - күн сайын 24 сааттын ичинде БШКга талапкердин, саясий партиянын атайын эсебинде турган каражаттардын келип түшүүлөрү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтарды берип турууга милдеттүү.

Көрсөтүлгөн маалыматтар ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу электрондук форматта жана кагаз түрүндө  жетекчинин койгон колу (анын ичинде электрондук) жана банк мекемесинин мөөрү басылган кагазда берилет.

Бул маалыматтарды берүү жөнүндө жоболор банк эсебин тейлөө келишимине кошулат.

## Шайлоо фонддорунун каражаттарынын келип түшүүшүнүн жана чыгымдалышынын эсеби



**Талапкердин, саясий партиянын шайлоо фонддорунун атайын эсебин тейлеген банк мекемелери үчүн *добуш берүү күнүнүн алдындагы күн <u>жумушчу күнү</u> болуп саналат*.**

**Шайлоо фондунун каражаттарын чыгымдоо боюнча бардык каржылык операциялар шайлоо алдындагы күндөн алдыңкы күнү саат 18:00дө токтотулат.**

# Финансылык отчеттулук

Талапкерлер, саясий партиялар:

тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясына өзүнүн шайлоо фондунун көлөмү жана түзүүнүн бардык булактары, ошондой эле жүргүзүлгөн чыгымдар жөнүндө отчет берүүгө милдеттүү.

1) **Биринчи финансылык отчет** –добуш берүү күнүнө чейин 10 күндөн кеч эмес (2023-жылдын  27-сентябрына чейин (кошуп алганда));

2) **Экинчи жыйынтыктоочу финансылык отчет (топтомо маалыматтар) -** добуш берүү күнүнө чейин 10 күн калгандан кечиктирилбестен (2023-жылдын 18-октябрына чейин (кошуп алганда)).

Финансылык отчет кагазда жана электрондук версияда (колу жана мөөрү менен сканерленген көчүрмөсү) жана БШК бекиткен **7-форма** боюнча электрондук сактагычта EXCEL форматында берилет.

Отчеттогу маалыматтар **отчет берилген мурдагы датадан 3 күндөн ашык эмес датада түзүлөт.**

# Финансылык отчеттулук: негизги талаптар

**Экинчи жыйынтыктоочу финансылык отчетко** акча каражаттарынын атайын эсепке келип түшүүсүн жана бул каражаттардын чыгымдалуусун тастыктоочу, кагаз жүзүндөгү баштапкы каржылык документтердин түп нускасы (эсеп-фактуралар, келишимдер, коштомо кагаздар, кабыл алуу-өткөрүү актылары, банктык көчүрмөлөр ж.б.) тиркелет.

Жыйынтыктоочу каржылык отчеттогу адепки каржылык документтер атайын эсептеринде каржылык операциялардын чагылдырылышына жараша ***хронологиялык ырааттуулукта*** *берилиши керек*.

Мында негиз катары атайын шайлоо фондунан алынган жазма көчүрмөлөр алынат, аларга акча каражаттарын чегерүү же болбосо эсептен чыгаруу үчүн негиз катары кызмат кылган зарыл документтер тиркелет.

Жыйынтыктоочу финансылык *отчет китепчеленген түрдө берилүүсү, жана тиркемени кошуп алганда беттери бири-бирине уланып номурланусу тийиш.*

БШКнын, тийиштүү АШКнын суроо-талабы боюнча маселелер пайда болсо, талапкерлер ыйгарым укуктуу өкүлдөр *жыйынтыктоочу каржылык отчетко жазуу жүзүндө түшүндүрмө беришет.*

# Финансылык отчеттулук: негизги талаптар

1. Финансылык отчетко (биринчи, экинчи жыйынтыктоочу) талапкер *жеке өзү жана финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиянын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү (болгон учурда) кол коёт*.

2. Саясий партиянын финансылык отчетуна (биринчи, экинчи жыйынтыктоочу) талапкерди же талапкерлердин тизмесин көрсөтүшкөн саясий партиянын жетекчиси же саясий партиянын аймактык бөлүмүнүн жетекчиси жана финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүл кол коет жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

3. Аймактык шайлоо комиссиясына жыйынтыктоочу финансылык отчетторду берүү кабыл алуу актылары менен жол-жоболоштурулат.

4. Атайын эсепте турган, сарпталбаган акча каражаттарынын калганы добуш берүү күнүнөн кийин талапкерге, саясий партияга кайтарылып берилет.

5. Талапкердин каржылык отчетун өткөрүү милдети жеке өзүнө, же болбосо финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлгө, саясий партияныкы – финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнө жүктөлөт.

# 7-Форма

| | | |
|---|---|---|
| | ________________________________________ | |
| | (Шайлоо кампаниясынын аталышы) | |
| | 202___ж. «___»_________202__ ж. «___»_________ мезгил үчүн | |
| | талапкердин/саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынын келип түшүүлөрү жана чыгымдалышы жөнүндө | |
| | ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТ | |
| | (талапкердин Ф.А.А. / саясий партиянын аталышы) | |
| | ________________________________________ | |
| | (банк реквизиттери, атайын эсептин №) | |
| | | |
| Саптын коду | Каражат булагынын жана чыгым түрүнүн аталышы | Суммасы, сом |
| | Отчеттук мезгилдин башталышына калдык | |
| 55220000 | Шайлоо фондуна акча каражаттары келип түштү, анын ичинде: | |
| 55221000 | Талапкердин өз каражаттары | |
| 55222000 | Саясий партиянын өз каражаттары | |
| 55223000 | Жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары | |
| 55224000 | Юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары | |
| | Акча каражаттарын кайтарып берүү, анын ичинде: | |
| 55211000 | Төлөм тапшырмасында реквизиттердин туура эмес көрсөтүлүшүнө байланыштуу акча каражаттарынын кайтарылышы (сторно) | |
| | Кайрымдуулук кылуучуларга каражаттырын кайтарып берүү (сторно) | |

# 7-Форма (уландысы)

| | | |
|---|---|---|
| | Шайлоо фондунан каражаттар чыгымдалды, бардыгы анын ичинде | |
| 10000000 | Мамлекеттик бюджетке кирешелер боюнча төлөмдөр, бардыгы: | |
| 11111100 | Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | |
| 11111200 | Бирдиктүү салык декларациясы боюнча киреше салыгы | |
| 11122100 | Милдеттүү патенттик салык | |
| 11122200 | Ыктыярдуу патенттик салык | |
| 12111000 | Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү, анын ичинде: | |
| 12111110 | Пенсиялык фондго, милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна, жумушчулардын ден соолугун чыңдоо фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү | |
| 12111120 | Полистер үчүн камсыздандыруу төгүмдөрү (Мамлекеттик топтоочу пенсиялык фондду кошпогондо) | |
| 12111210 | Мамлекеттик топтоочу пенсиялык фондго камсыздандыруу төгүмдөрү | |
| 12111220 | Мамлекеттик топтоочу пенсиялык фонддун полиси боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү | |
| 14511900 | Башка салыктык эмес кирешелер (шайлоо күрөөсүн төлөө) | |
| 41000000 | Товарлар үчүн төлөмдөр, бардыгы: | |
| 41090400 | Кийим жана аксессуарлар | |
| 41100400 | Кеңсе товарларын сатып алуу | |
| 41100500 | Күйүүчү-майлоочу материалдарын (бензин, дизель жана башка күйүүчү отун) сатып алуу | |
| 41100600 | Запастык бөлүктөрдү сатып алуу | |
| 42000000 | Кызмат төлөмдөрү, бардыгы: | |
| 42110000 | Иш сапар чыгымдары, бардыгы: | |
| 42111000 | Ички иш сапар чыгымдары, анын ичинде: | |
| 42111100 | Транспорт чыгымдары | |
| 42111200 | Мейманкана чыгымдары | |
| 42111300 | Күнүмдүк чыгымдар | |
| 42111900 | Башка чыгымдар | |
| 42112000 | Чет өлкөгө иш сапар чыгымдары, анын ичинде: | |
| 42112100 | Транспорт чыгымдары | |
| 42112200 | Мейманкана чыгымдары | |
| 42112300 | Күнүмдүк чыгымдар | |
| 42112900 | Башка чыгымдар | |

# 7-Форма (уландысы)

| | | |
|---|---|---|
| 42121000 | Коммуналдык кызматтар, анын ичинде: | |
| 42121100 | Муздак суу жана саркынды суулар үчүн төлөмдөр | |
| 42121200 | Электр энергиясы үчүн төлөм | |
| 42121300 | Жылуулук жана ысык суу үчүн төлөмдөр | |
| 42121400 | Газ үчүн төлөм | |
| 42121500 | Лифт үчүн төлөм | |
| 42121600 | Таштанды чыгаруу үчүн төлөм | |
| 42121999 | Башка кызматтар үчүн төлөмдөр | |
| 42122000 | Байланыш кызматтары, анын ичинде: | |
| 42122100 | Интернет кызматтары | |
| 42122500 | Программаларды берүү кызматтары - телеберүүлөр, радиоуктуруулар | |
| 42122600 | Телефон жана факс кызматтары | |
| 42122700 | Мобилдик байланыш кызматтары | |
| 42122800 | Почта жана курьер кызматтары | |
| 42122900 | Башка телекоммуникация кызматтары | |
| 42131000 | Ижара төлөмү, анын ичинде: | |
| 42131100 | Имараттарды жана жайларды ижарага алуу | |
| 42131200 | Жабдууларды жана инвентарды ижарага алуу | |
| 42131300 | Транспорт каражаттарын ижарага алуу | |
| 42131900 | Башка мүлктү ижарага алуу | |
| 42151000 | Башка кызматтар (маалыматтык жана кеңеш берүүчү кызматтар), анын ичинде: | |
| 42151110 | Юридикалык кызматтар | |
| 42151210 | Башка консультациялык кызматтар | |
| 42151310 | Коопсуздук кызматтары | |
| 42151410 | Маалыматтык технологиялар кызматтары | |
| 42151510 | Банктык кызматтар | |
| 42151610 | Аудитордик кызматтар | |
| 42151710 | Бухгалтердик кызматтар | |
| 42151900 | Келишим боюнча көрсөтүлгөн башка кызматтар | |
| 42152000 | Мүлктү, машиналарды жана жабдууларды тейлөө, анын ичинде: | |
| 42152110 | Имараттарды жана жайларды учурдагы тейлөө | |
| 42152130 | Жабдууларды жана инвентарды учурдагы тейлөө | |
| 42152140 | Эмеректи учурдагы тейлөө | |
| 42152150 | Компьютердик техниканы жана офистик оргтехниканы учурдагы тейлөө | |
| 42152190 | Башка учурдагы тейлөө | |

# 7-Форма (уландысы)

| | | |
|---|---|---|
| 43000000 | Активдер үчүн төлөмдөр, бардыгы: | |
| 43410000 | Эмеректерди жана жабдууларды сатып алуу үчүн төлөмдөр, анын ичинде: | |
| 43411000 | Эмерек сатып алуу | |
| 43412000 | Компьютердик жабдууларды сатып алуу | |
| 44000000 | Кызматкерлерге эмгек акы, анын ичинде: | |
| 44001100 | Эмгек акысы | |
| 44001200 | Келишимдер боюнча алдын ала төлөмдөр | |
| 44001300 | Жөлөкпулдар | |
| 44001400 | Кошумча төлөмдөр жана компенсациялар | |
| 44001900 | Башка төлөмдөр | |
| 45000000 | Социалдык камсыздандыруу боюнча жөлөкпулдар анын ичинде: | |
| 45010000 | Мамлекеттик эмес пенсиялык фонд боюнча камсыздандыруучу | |
| 46000000 | Жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматтар көрсөтүүлөрү, бардыгы: | |
| 46001100 | Жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызмат көрсөтүүлөрү, анын ичинде: | |
| 46001200 | Басмаканалардын кызмат көрсөтүүлөрү | |
| 46001300 | Жарнама-басмаканалык кызмат көрсөтүүлөр | |
| 46001400 | Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулар үчүн маалымат материалдарын даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр | |
| 46001900 | Башка кызмат көрсөтүүлөр | |
| | | |
| | Отчеттук мезгилдин аягына калдык | |

# 7-Форма (уландысы)

| | | |
|---|---|---|
| Ушул каржылык отчетто көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыгын жана толуктугун ырастайбыз. Шайлоо кампаниясын уюштурууга жана өткөрүүгө шайлоо фондунун акчасынан башка эч кандай каражат тартылган эмес. Так эмес маалыматтардын берилиши үчүн жоопкерчилик жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талабы менен таанышбыз. | | |
| | ___________________ | ________________ |
| | (талапкердин / саясий партиянын жетекчисинин Ф.А.А) | (колу) |
| | | |
| | М.О. | |
| | ___________________________ | ________________ |
| | (финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ф.А.А.) | (колу) |
| | | |
| | | |
| | 202__ж. "___" _____________ | |

# Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун каражаттарын көзөмөлдөө

- Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун каражаттарын түзүүнүн тартибине жана чыгымдалышына көзөмөл шайлоо комиссиялары тарабынан жүргүзүлөт.
- Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун акча каражаттарынын түшүү булактарын көзөмөлдөө, эсеп жүргүзүү жана акча каражаттарын туура пайдалануу үчүн, талапкерлердин, саясий партиялардын каржылык отчетторун текшерүү үчүн көзөмөлдөө-текшерүү тобу түзүлөт.
- Көзөмөлдөө-текшерүү тобун уюштуруу жана иштөө тартиби Борбордук шайлоо комиссиясынын өзүнчө жобосу менен белгиленет.

# Шайлоо фонддорун каржылоонун ачык-айкындыгы

**Төмөндөгү маалыматтардын милдеттүү жарыяланышы:**

- Банк маалыматтары – шайлоо фонддоруна каражаттардын түшүшү жана чыгымдалышы (жеке маалыматтар жана банк купуялуулугу жөнүндө мыйзамдарды эске алуу менен),
- №7 форма боюнча талапкерлердин, саясий партиялардын финансылык отчеттору (биринчи, экинчи жыйынтыктоочу),
- Шайлоо күрөөсүнөн келип түшкөн каражаттардын суммасы жөнүндө маалыматтар,
- Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан кайтарылган шайлоо күрөөсүнүн суммасы жөнүндө жана бюджетке чегерилгендердин суммасы тууралуу маалыматтар.




http://talapker.shailoo.gov.kg

# Жоопкерчилик

**Талапкерлер, саясий партиялар:**

- шайлоо фондунун акча каражаттарын түзүүнүн жана чыгымдоонун тартибин бузганда;
- шайлоо фондунун чыгашаларынын чектелген суммасынан ашканда;
- финансылык отчетторду бербегенде жана жарыялабаганда;
- финансылык отчетто камтылган анык эмес маалыматтарды бергенде

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке (кылмыш жоопкерчилигине чейин) тартылышат.**

- Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо, талапкер, саясий партия тарабынан:
  - шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайызынан ашуунду түзгөн башка акча каражаттарын,
  - же болбосо талапкердин, саясий партиянын өзүнүн шайлоо фондунан чыгымдары талапкердин, саясий партиянын бардык чыгымдарынын белгиленген чектик суммасынан 0,5 пайыздан ашуун акча каражаттарын пайдаланган учурда аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлерди, же талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгарууга укуктуу.

**Тартип бузуу фактысын аныктоо максатында шайлоо комиссиялары көмөктөшүү үчүн мамлекеттик бийлик органдарына, укук коргоо органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мекемелерге, уюмдарга, ишканаларга кайрылууга укуктуу.**

# Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

